# САЯКБАЙ ЖАНА ЖАЛИЛ САДЫКОВ
## (1-макала)

**БАЙМЫРЗАЕВ Б.**
*Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*

**УДК.894.341**

Өткөн XX кылым кыргыз элине көп эле улуу адамдарды, залкар таланттарды берди. Жашоонун жанга жагымдуулугун айтпаганда да ошол гүлдөгөн социализм доорунда биз илим, билимге, профессионалдык өнөр менен маданиятка жетиштик. Дүйнө жүзүндө өзүнүн ички рухий кудурети, чалкыган чексиз көлөмү менен айырмаланып, "ырдын океаны" деп таанылган кыргыз эпосу "Манас" менен алп жазуучубуз Ч.Т.Айтматовдун чыгармачылык арааны да ошол өткөн XX кылымда ачылып, бактысы Ала-Тоодой болуп жанганы да чын. Орус жазуучуларынын бир мууну өз мезгилинде В.Гоголдун "Шинелинен" чыккан" сыңары кыргыз адабиятында да XX кылымдын 60-жылдырында өзүнчө бир чыгармачыл топ адабий аренага келип, алардын дээрлик көпчүлүгү жазуучу Ч.Айтматовдун алгачкы чыгармачылык ийгиликтерине таасирленип колдоруна калем кармап, чыгарма жазып калышкандыгын айтып келишет. Ошол "алтымышынчылардын" арасында өзүнүн чыгармачылык "Убадасынан" танбай, баштаганда эле бийик адабий-эстетикалык жоопкерчилик, талыкпас акындык изденүүчүлүк менен жашап өткөн Жалил Садыков да бар болчу.

Акын, драматург, котормочу жана коомдук ишмер Жалил Садыковдун калеминен бир нече поэтикалык жыйнак, драмалар, котормолор жарык көрүп, өзү белгилүү коомдук ишмер катары да таанымал эле. Бүгүн биз атактуу калемгердин адабий мурастарынын ичинен анын "Саякбай" аттуу аталыштагы поэтикалык чыгармасы жөнүндө сөз кылууну туура көрүп олтурабыз.

Улуу калемгерибиз Ч.Т. Айтматов өзүнүн бир макаласында кайда жүрсө да көңүл борборун ээлеп, ага өзгөчө чыгармачылык дем-күч берген нерсе-өз элинин улуу эпосу "Манас" жана аны элге күнү бүгүнкүдөй учугун улап, чып-чыргасын коротпой жеткирген айтылуу манасчы Саякбай Каралаев, анын манасчылык өнөрү эч нерсеге алмашкыс, баа жеткис уникалдуу көрүнүш экенин зор таасирленүү менен белгилеген жери бар[1]. Ошондой эле мүнөздө улуу манасчы, "кылымдын Гомери" саналган Саякбай Каралаев жана анын адамдык, манасчылык, мүнүшкөрлүк өнөрү, алардын сакадай бою сары алтын болгон Сакебиз үчүн канчалык мааниси бар, анан калса кадимки касиеттүү манасчылык кесип, аң-сезим, дүйнө тааным түшүнүк менен башкасын айтпаган күндө да оболоп учкан канаттуу кушту үндөккө келтирип, кадимкидей таптаган мүнүшкөрлүктүн өзү эмне деген өнөр, эмне деген чеберчилик экенине бир эсе өзү көзү менен көрүп күбө болсо, бир эсе акылы айран болуп таң калган учуру жөнүндө кыргыз эл акыны, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын ээси, белгилүү драматург, акын жана коомдук ишмер Жалил Садыков да өзүнүн "Саякбай" аттуу поэтикалык чыгармасында баяндайт.

Эскерүү ачылбаган алтын сандык,
Ал байыйт мезгилдерден улам арбып.
Аларды катып жатпай көрсөткөн оң,

Анткени эл буюму элге таандык – экенин автор өзү зор ынтаа, бийик жоопкерчилик менен сезет. Бул чыгарманын айланасында буга чейин ой-пикир айтышкан айрым авторлор муну поэма деп мүнөздөшсө, айрым учурларда көлөмдүү ыр катары каралган мезгилдери болду. Албетте, маселе чыгарманын жанрдык өзгөчөлүгүндө же көлөмүнүн чоң-кичинелигинде эмес. Кандай болгон күндө да автор Ж.Садыков аталган поэтикалык чыгармасында улуу манасчы Саякбай Каралаевди алп өнөрдүн, болгондо да бири-бири менен ички жана тышкы тутумдаштыгы боюнча алганда бекем жуурулушуп, бир бүтүндүккө айланып калган (синкреттешкен-Б.Б) бир нече элдик өнөрлөрдүн алып жүрүүчүсү катары биринчи планга коюп сүрөттөп, окуяны көркөмдөп, керек болсо

апыртып, фантазиялап жеткирүүсү жагынан өзгөчөлөнгөн улуу эпик-ырчы экенин көрсөтүүгө умтулган. Биздин арабызда жүргөн тирүү "Гомер" катары көпчүлүккө таанылган тоголок, чымыр денелүү, тегерек бет, орто бойлуу, ашкере тамашакөй, сөзмөр кыргыз карыясынын сырткы көрүнүшү менен анын ички адамдык, мүнүшкөрлүк, манасчылык табиятын ачууга келгенде бул чыгарманы чакан поэма десек деле ашыкча болбойт. Биз бул чыгарма жөнүндө буга чейин да сөз кылганбыз.Азыр ошондогу ойлорду тереңдетүүнү максат кылып олтурабыз. Автор Жалил Садыков аталган поэтикалык чыгарманын жазылыш жагдайы туурасында төмөнкүдөй маалыматтарды берет:

Бир жылы сегиз акын буйрук алдык,
Алдык да биргелешип көлгө бардык.
Ыр окуп, элдер менен жолугушуп,
Көп күнгө көлдү айлана жүрүп калдык.
Билинбейт карыбызбы, балабызбы,
Саякбай ширеп салды арабызды.
Бир туруп теңтуш кылса Байдылданы,
Бир туруп теңтуш кылат Чалагызды.  (46-бет)

Ички рухий кудурети бийик, тубаса тамашакөй манасчы карыянын жаш-карыга бирдей мамиле жасап, алардын терең сый-урматына ээ болушунун өзү эле көп нерседен кабар берип турат. Болбосо, көп жаш курак айырмасына карабай бири-бирин "Сашка", "Борка" деп чакырышкан "ата"-"бала" Саякбай менен кадимки "Тайсарынын" (Б.Сарногоев) азил-тамашасы ошондой жаны бирге улуу таланттардын адамдык жана тунук чыгармачылык мамилесинин ачык далили эмей эмне?! Сүйлөгөн сайын куйкумдуу юмор коштолуп, кадыресе манасчылык апыртуу өзүнүн ыктуу ордун таап, олтургандардын бир эсе көңүлүн өзүнө тартып арбап алса, бир эсе делдейте ооздорун ачырып таң калтырган ар кыл турмуштук окуялар Сакеңин өз башынан өтүп жатса буга ким муюбасын да, ким мындай кызыкты кулак сыртынан кетирсин?!

Ошентип, теңтуш болуп жаш-карыга,
Кубанчу боор эзилип жатканыңа.
Сөз менен Капал жакта солдат болуп,
Сөз менен барып кайтчу Кашкарына.
Солдатта кимден эмне үйрөнгөнүн,
Кашкарда кандай болуп үйлөнгөнүн
Жашырбай... калемпирин, мурчун кошуп,
Катырып айтаар эле сүйлөмдөрүн.   (46-бет)

Автор белгилеп көрсөткөндөй "ар бир сүйлөмдөрүн катырып айтууга" маш болгон Саякбай манасчынын оозеки сүйлөө өнөрү, өзүнө гана таандык манера, мимикалары аталган чыгармада билгичтик менен ачылып берилген. "Манастын" кире электе дастанына, "Манастан" кем айтпаган башканы да" улуу талант Саякбай Каралаев жөнүндө соңку мезгилде анын замандаштарынын эскерүүлөрү ар кандай формада (оозеки жана жазуу түрүндө) айтылып, жарыяланууда. Ошол эми айтылып, жазылып жаткан айрым маалыматтар, турмуш чындыгы мындан отуз-кырк жылдын аралыгында акын Ж.Садыков тарабынан мурда эле айтылып, алп манасчынын албан кырдуу өнөрү ошондо эле көркөм – элес сыпатынан өйдө көтөрүлүп, улуу турмуш чындыгы катары өз баасын алган экен. Автор өзү айткандай ошол жылы Ысык-Көл аймагына сегиз акын чыгармачылык сапарга чыгып, анын ичинде кадимки карт манасчы Саякбай Каралаев да бар экенин өзгөчө сүймөнчүлүк менен эскерет. Ошондо касиеттүү Көл өрөөнүнүн бир колхозу зор урмат - сый менен тосуп, келген элдин көптүгүнөн клубга сыйбай, көл жээгиндеги дөңсөө жерге шырдак салып, чыгармачылык жолугушуу ачык асман алдында, адаттан тышкары маанайда өткөнүн баяндоого ашыгат.

Баштаса Сакем деле баштаар эле,
О, бирок, Сакем бийик аскар эле.
Балкытып бүткөн бойду коргошундай,

Баарысын жыйынтыктап таштаар эле.
Андыктан кезек берчүү акырында,
Ал баштап Тайбуурулдун басыгында,
Аягы тизгин тартпай күчөп алчу,
Карабай чакырымдан – чакырымга.

Аяк кериши Ааламды бузган кадимки Толубайдын тулпарындай жанын сабап, элдик эпостун ички өзөк окуяларына өзү кошо жандуу аралашып, андагы ар бир адам тагдыры, элдин эртеңи менен өткөнү, улуу үмүт-тилеги менен ташты талкан кыла таарыган улуу трагедиясы алп манасчы Саякбайдын сары ооруу дартына айланып, өзүнө чейинки өнөрпоздун өксүгү менен кемтигин толтурган кадимки малаанын кызматын аткарган орошон ойлуу, тажабас талант ээси саналган нукура төкмө, эпик-ырчы С.Каралаевге аяктатып кезектин берилиши да бир эсе жөндүү, анан калса талантка берилген таасын чен-өлчөмдүн белгиси болчу. Ар кандай талант ээси өз өмүрүндө, кесиптик тармагында өзүнө өзгөчө жакын, өзгөчө таасирлүү дегидей мүнөздөгү учурларды өтө берилүү менен кабылдап, ага адаттан тышкары маанайда мамиле жасай тургандыгын байкап жүрөбүз. Атактуу манасчы Саякбай Каралаев алмадай башына алп “Манасты” бүтүндөй батырып, аны менен жашап, өзүнө да, өзгөгө да баалуу рухий күч тартуулаган улуу талант ээси экенин кимдер билбейт?! Саякбай Каралаев үчүн ырдын океаны саналган улуу эпостун кайсыл жеринен баштап, кайсыл жеринен бүтүш жөн эле текейден арзан жумуш катары эсептелсе да, анын бүтүндөй манасчылык стихиясын тоо кушундай чапчаңдыгын, “бир адамдын театрын”,анан калса катардагы эле караламан кыргыз карыясы экенин көрсөткөн кадимки “Тайторунун чабылышы” биздин кылымдын “Гомери” үчүн “Манастын” башка окуялары, бөлүмдөрү бир тең да, бул өзүнчө бир тең дегидей мааниге ээ экенин көпчүлүк кыргыз журтчулугу билишет. Демек, Саякбай Каралаевдин манасчылык өнөрү,кыймыл-аракети, айтуучулук дарамети соңку XX кылымдын кыргыздарынын аң-сезиминде, жандуу элесинде ушул эпостун “Каныкейдин Тайторуну чапканы” деген эпизоду менен калды десек аша чапкандык болбос.

Саякбай ашкан чебер, ашкан уста,
Маш эле боздоп туруп аткарышка.
Ыйлатып Каныкейди, төлгөсү деп,
Акыры кезек берди ат чабышка.
Угалбай Каныкейдин муңдуу датын,
Далайлар көтөралбайт жерден башын...
Мен көрдүм ошол чакта Саякбайдын
Көзүнөн салаа-салаа тамган жашын.

Жогоруда белгиленип өткөндөй манасчы үчүн бул баяндалып жаткан эпостук окуялар, асыресе каралуу катын Каныкейдин башына түшкөн оор кайгы, олчойгон жүк оңой эмес экенин эл менен кошо жон териси менен сезип-туюп олтурган Саякбай Каралаевдин көзүнө жаш алып,өзүн Бакай менен Каныкейден айрып карай албастан журт башына түшкөн мүшкүл ишти, улуу трагедияны, анан калса, үмүттүн бүлбүл жанган шооласына шерденип, ошого кадыресе бел байлаган эл ичиндеги карапайым карыянын калбаат элесин көз алдыбызга тартат.

Укканда боздоп-боздоп чыккан үнүн
Аргасыз бошоп кетти мууну-жүүнүм.
Ошондо асман бетин булут каптап,
Кара жер боло түштү кара күүгүм.
Чын эле, кара булут каптап күндү,
Заматта жамгыр жаады, кыян жүрдү...
Былк этпей олтургандар жашын төгүп,
Тыңшоодо Саякбайдан чыккан үндү.

Манасчы Саякбай Каралаевдин акын Жалил Садыков баяндаган абалга келиши, өзгөчө Адам-Манасчы менен Асман-Жаратылыштын ортосунда болуп өткөн мини

“диалогу” дагы эле Адам-Манасчынын чыгармачылык аурасынын, т.а. кандайдыр бир рухий күчкө ээ экендигин айгинелейт. Бул көрүнүш азыр айрым көзү ачыктар, кыргыз эпосун өздөрүнүн жеке киреше булагына айландырууга жан талашкандар, деги эле кадимки салттуу окуяларга,тарыхый жагдайларга негизделген, эл элегинен өткөн классикалык варианттарга түп орду менен каршы чыгып, алардын ордуна өздөрүнүн “супер кереметтерге” жык толгон жасалма текстерин сунуштап жатышкандардын ойлогон ойлорунан кескин айырмаланып, алардын “самопал” көз караштарга “ширелген”, комерциялык максатты көздөгөн зыяндуу ниеттерин ачык эле четке кагат, алардан түп-орду менен айырмаланат. Болбосо, асман алай-дүлөй күлдүрөп, чагылган чагып, катуу нөшөр төгүп жаткан чакта ар бир пенде баласы, жан-жаныбар, канаттуу куштар текши жан айласын издеп, баш калкалоочу жайга шашат. Мына ушундай аба ырайынын кескин өзгөрүшү менен чыныгы талант даарыган кадимки Саякбай Каралаевдин манасчылык өнөрүнүн ортосундагы жандуу таймаш кимди болсо да таң калтырып, терең ойго салат. Сыртынан караган адамга бул жөнөкөй эле бир катардагы көрүнүш, кадимки боло келген турмуштук дал келүү сыяктуу сезилиши мүмкүн. Адатта биз, кыргыздар, асманда катуу чагылган чагып, нөшөрлөп жааган жаанда суу болуп калуудан коркпостон, эң ириде чагылгандын огу тиет, үйгө, тоо ташка, токойлорго чагылган түшпөсө экен деп жараткандан тилеп, өзгөчө катуу коргонуу абалында болобуз. Ал эми акын Жалил Садыков баяндап, жазып жаткандай улуу манасчы Саякбай Каралаевдин дал ошондой кыйын кырдаалда чогулган элди чоочутпай, кайра өзүнө магнит сымал тартып, жипсиз байлап алышы өзгөчө кереметтин, таасын такшалган таланттын, болгондо да “бир актердун театрындагы” чыныгы кесипкөй өнөр адамынын изденүүчүлүк күчү экенине ишенбей коюуга чындыгында негиз жок. Албетте, чыгармада баяндалгандай калың элдин катуу жааган жамгырга кайыл болуп, баш көтөрбөй муюп олтурушунун бизге белгилүү себеби, манасчы Саякбайдын оозунан төгүлүп жаткан ыр саптарында айтылып жаткан турмуш жагдайлары, кайран энең Каныкейдин караны башка салынып, бир кудайга жалынып, Кара-Буура, Чаткалдын белин ашып, өз төркүнү Темирканга качышы, кадимки Букарды көздөй шашышы, арадан он эки жыл өткөндөн кийинки окуялар, Семетейдин эр жетиши, атасы-Манас, жери-Талас экенин билиши, буга чейин энеси Каныкейдин төлгө катары Тайторуну таптап, аны байгеге кошуп чабышы сыяктуу адаттан тыш иш-аракеттер, эл башына түшкөн оор сыноо, Каныкейдин, калың элдин жер көтөргүс трагедиясы өңдүү сюжеттик көрүнүштөр ошол күнкү манасчынын көңүл борборун ээлеп, элди ошол оор күндөрдөгү курч кырдаалдарга жетелеп жүрүп олтуруп, эми ошондон сүйрөп чыгууга ашыгууда. “...Ошондогу ойрондуу окуялар, ошондогу кайгы муң, ошондогу айкөл акыл, ошондогу сар санаа, жамандык менен жакшылык баары чогулуп, ушу кишиге уютулуп калгансыйт. Каралаевдин аткаруучулук усулу уккан адамдын жан дүйнөсүнө алай-дүлөй түшүргөн ушундай керемет күчкө ээ. Ыраатынан жанбаган ыргак, ышкысы жанган кумар, көңүл көлкүткөн илхам биринен сала бири куюлушуп, аларга удаа кусалык, муңканган кайгы каптап келет да, санаага салган убайым, көз жаш кайра барып, айбары бийик айбатка, өткүр кайратка, каармандыкка орун бошотот”.

Чыдабай Каныкейдин азабына,
Карылар жаш куюлтат сакалына,
Кемпирлер аккан жашын аарчый албай,
Балдарын корголотот чапанына...

Бул ыйга келин-кезек кошо жашып,
Жигиттер жер карашат тунжурашып,
Ый менен аккан жамгыр кошулганга
Ысык-Көл бараткансыйт ашып-ташып. (49-бет)

Манасчынын оозунан төгүлүп, элдин бүйрүн кызытып жаткан мындай турмуштук кырдаал, көздөн аккан ысык жаштын асмандан тынбай жааган жамгыр менен жуурулушуп, кошул-ташыл болушу – эпостогу башкы каарман Каныкей энебиздин, ошол

эле учурда жумурай кыргыз журтунун башына түшкөн оор трагедиянын канчалык көлөмдө экендигин, жалпы масштабы Ысык-Көлдүн буурakaндап, ашып-ташып баратышы менен ыктуу салыштырылат. Негизи, кыргыз бермети деп саналган Ысык-Көлүбүз бөксөрүп, улам жыл өткөн сайын тартылып бараткандыгын дүйнө коомчулугу тынчсызданyy менен кабыл алып келсе да аталган чыгармада анын өз чегинен аша чамынып жатышы – асмандан төгүп жааган ак жаанга үндөшө, тынбай жерге куюлуп, тамчылап турган көз жаштын ири көлөмү кошулуп, алмадай баштын ичине алп эпостун жарым миллиондон ашык сабын батырып, аны жатка айткан улуу мансчы Саякбайдын феномендик өнөрү менен түздөн-түз байланыштуу экенин айта кетүү жөндүү. Аталган чыгармадан ачык байкалган эң башкы сүрөткерлик белги-символдук түшүнүктөр менен жиксиз коштолгон чоң-кичине салыштыруулардын орундуу пайдаланылышы жана алардын кыргыз өнөрү жана өткөн тарых менен чебер шөкөттөлүшү.

Чыгармада эл башына түшкөн оор мүшкүлдүн улам артта калып, эртеңки көрөр күндүн, ичер суунун үмүтү бүлбүл жанып, келечектин кыргыз эли үчүн жакшы жышаандан кабар бериши Тойторунун алдыга озуп келиши менен түшүндүрүлүүдө. Бул учурду акын Ж.Садыков зор эргүү менен төмөнкүдөй саптар аркылуу туюнтат:

Семетей өзү туюп, өзү билип,
Оозуна Манас кирип, Талас кирип,
Сүрөсө... чыдай албай кубанычка,
Жаадырайт жер да жибип, эл да жибип...

Ошентет эр Семетей сүрөөнгө алат,
Аргасыз алтымыш ат артта калат.
А Сакем өзү сүрөп бараткансып,
Айкайлап айтып жатат жанын сабап. (50-бет)

Кудай жүзүн салбасын, ыр сабында баяндалгандай кадимки Саякбай манасчы ач айкырык, куу сүрөөн менен Каныкей энебиздин Тайтору күлүктү эртеңки кыргыз келечеги үчүн чоң төлгө катары чаап, аны өзү башында туруп сүрөп алышы, алты жүз аттын ичинен алтымыш азый сайган Тайторунун ноюбай чыгып келиши насилинде кыргыз каны ойногон ар бир адам баласын ойлонтуп, жүрөгүн толкутары турган иш. Өзгөчө ат жалында өмүр кечирген көчмөн эл үчүн байгеге чабылган аттардын маарага келиши өзүнчө окуя, өзүнчө шаан-шөкөт эмеспи... Ансыз да "ат келет" деп дүрбөп турган калың элдин ички деми, чымырканган чыдамы, "ыйык көл" деп саналган Ысык-Көлдүн бул учурдагы абалы акын тарабынан төмөнкүдөй фондо көз алдыбызга тартылат:

Ысык-Көл албууттанып ошол чакта,
Окшошуп толкундары чапкан атка,
Арт жактан бирин-бири кубалашып,
Келатты улам бери, бери жакка,

Толкундар мурдагыдан күчөп, демеп,
Алдыда Тайторудай бирөө келет...
Карасаң көбүк чыгып, буусу чыгып,
Күшүлдөп чапкан аттай добуш берет. (50-51-беттер)

Акын Ж. Садыков байгеге ээ болуш үчүн жанын үрөп чуркаган калың аттын улам маарага жакындап келатышын ошол эле учурдагы бир башкача шоокум сала толкуп-ташып жаткан Ысык-Көлдүн күндөлүк көнүмүш ал-абалына салыштырат. Чын эле касиеттүү Ысык-Көлдүн катуу толкуп жаткандагы (адатта күн бүркөлүп, жамгыр төгөр маалда-Б.Б) учуруна күбө болгон адам чоң-чоң толкундардын өзүнчө үнү, күр-шары улам жээкке жакындаган сайын күчөп, оолакта туруп караган жанга кадимки Камбар-Ата тукуму жер үстүн каптап, катуу дүбүрт менен келаткандай таасир берет. Акын ошол учурдагы табият кубулушун жаземдебей сезип-туюп, аны дал ошол калыбында кагаз бетине түшүрүп, ыр кылып кармап калууга үлгүргөн. Бир карасаң жансыз фото кадр

сыяктуу сезилсе, ошол эле учурда аябагандай зор турмуш окуясы дал эле көз алдында, бет маңдайында болуп жаткандай туюлуп, азыр ошол жер бетин бербей кыйкырык-сүрөөн, калың дүбүрт менен каптап келаткан топ жылкынын туяк таманында тебеленип калчудай дене боюң титиреп, бир саам өзүңдү жоготуп койгонсуйсуң. Ошол эле учурда канчалык коркуп, жан айласын кылып кара башыңды аман сактап калуунун камын ойлогон күндө да ар бир кыргыз баласынын ой санаасына “кайсыл ат биринчи келет болду экен” деген негизги суроо куйган кыттай болуп бекем орнойт. Автор Ж.Садыков аталган чыгарманын биринчи бөлүмүн төмөнкүдөй жыйынтык менен аяктайт жана бул ажайып көрүнүш жөнүндө бир нерсе жазуу идеясы ошондон баштап пайда болгондугу жөнүндө маалымдайт:

Сүрөтүп алп Манастын баласына,
Тайтору келип жетти марасына...
А толкун кылымдардын жомогу окшоп,
Кумдардын житип кетти арасына...
Келгендер: карысы да, баласы да
Ыраазы Сакем айткан “Манасына”!
Мен болсом Ысык-Көлдү, Саякбайды
Ойлондум бир ыр кылып жаратууга. (51-бет)

“...Ал “Манас” айтканда ким да болсо-кары да, жаш да, кыргызча түшүнгөн да, түшүнбөгөн да, мекендешибиз да, алыскы өлкөнүн адамы да, карапайым малчы да, дүйнөлүк маданияттын чокусуна көтөрүлгөн акылман да –баары оозун ачып олтуруп калышар эле. Чарчы бою, чымыр денеси миң толгонуп, тоголок бети алоолонуп, көзү оттой жанып, Сакең күйүп - бышып “Манас” айтып жатканда, ал азыр эле кызыл кыргынды көрүп, же бирөөнүн жүрөк титиреткен зар-муңун угуп келгенсип жана ошолордун баарын шашылыш түрдө калың журтка жеткирүү милдетин аткарып жаткансып көрүнчү. Ал обонду бир туруп өз турпатында кайталап, бир туруп жорго сөзгө түшүп, бир туруп кубаныч интонациясы менен, бир туруп какшык басымына салып, бир туруп тамаша сөзгө өткөнсүп, бир туруп кадимкидей эле онтоп, анан көз жашын төгүп шолоктоп ыйлап киргенде, ал манасчы эмес, артист эмес, сени менен сүйлөшүп жаткан тек гана бир жалын жүрөк пенде катары сезилчү да, анын айтып жаткандарынын түздөн түз маанисине тартылгандык сезими ээлеп кетер эле”.

**Адабияттар:**


1. Айтматов Ч.Т. Ал океан сындуу “Манастын” миллион сабын жат билген. Китепте: Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. Фрунзе, “Кыргызстан”. 1988-жыл, 71-бет.
2. Садыков Ж. Саякбай. Китепте: Садыков Ж. Туулган жер. Фрунзе, “Кыргызстан 1979-жыл, 46-56-беттер.
3. Артыкбаев К. Ж.Садыков (адабий портрет) Китепте: Артыкбаев К. XX-кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. Бишкек. “ТАС” ЖЧК. 2004-ж., 545-бет.
4. Баймырзаев Б, Бейшеева Ж. Ж.Садыковдун “Саякбайынын” поэтикалык көркөм дүйнөсү. “Аалам”, 2003-жыл, 27-июнь, 1-июль.
5. Алп манасчынын албан элеси (Эскерүүлөр) Бишкек, 1994-жыл.
6. Айтматов Ч. Жогорудагы аталган макаласынан. 70-бет.
7. Салиев А. “Манас” жана Саякбай. Китепте: Алп манасчынын албан элеси. Бишкек. “Кыргызстан”, 1994-жыл, 28-29-беттер.